| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VII чакырылышындагы VI кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 15-июлу №66 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл өкмөттө жасалып жаткан иш-чараларды жергиликтүү элге жеткирүү үчүн веб-сайтын ачуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №59 тескемесинин негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп жана талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №59 тескемесин аткаруу максатында, айыл өкмөттө жасалып жаткан иш-чараларды жергиликтүү элге жеткирүү үчүн жана так маалымат берип турууга, веб-сайтын ачууга жергиликтүү бюджеттен 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевге тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Р. Молдобаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** — **Б.Б. Барыктабасов**

**Жооптуу катчы** — **М.Б. Эсеналиева**